DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 4, 2022

*Алибаев А., Абдылдаева А.А.*

# КЫРГЫЗДАРДЫН БАЙЫРКЫ ТУРМУШУНАН ЖАНА ОЮН-ЗООКТОРУНАН КЫСКАЧА КЕП

*Алибаев А., Абдылдаева А.А.*

# КРАТКАЯ ИНФОРМАЦИЯ ИЗ ДРЕВНЕЙ ЖИЗНИ КЫРГЫЗОВ И ОБ ИХ ИГРАХ

*A. Alibaev, A. Abdyldaeva*

# BRIEF INFORMATION FROM ANCIENT LIFE KYRGYZ AND ABOUT THEIR GAMES

*УДК: 8.81*

*Бул макалада кыргыздардын байыркы замандардагы жана өткөн кылымдардагы жашоо образдарынан: кулк мүнөздөрүнөн, диний көз караштарынан, салт-санаа, үрп-адаттарынан, чарбачылыктарынан, соода-сатык жүргүзүү өзгөчөлүктөрүнөн, өзгөчө доорлордогу жашап кетүү үчүн болгон өзгөчө катаалдыктарынан кыскача түшүнүктөр берилген. Бул өзгөчө жагдайларга түшүнүк берүү үчүн бир катар Чыгышты, жана анын ичинен кыргыздардын өткөн доорлордогу тарыхын изилдеген окумуштуулардын илимий эмгектери пайдаланылгандыгын белгилеп кетүү зарыл. Алар Ибн Мукафа, Гардизи, А.Г. Туманский, Г.Тисковский, дүйнөгө атагы чыккан чыгыш изилдөөчүсү, көрүнүктүү илимпоз тарыхчы В.В. Бартольд, профессор Ю.С. Худяков. Мисалы, В.В. Бартольд – "Азыркы убакта Орто-Азиядагы жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты ушунча эрте жоолуккан бир да эл жок болуш керек" - деп айткан. В.С. Худяков "Сабля Багыра" - деген китебинде кыргыздардын байыркы курал-жарактары тууралуу далилдүү материалдарды тактаган ж.б. Макаланын акырын кыргыздардын байыркы доорлордогу улуттук оюн-зооктору, шаан-шөкөттөрү тууралуу азын-оолак маалыматтар жыйынтыктайт. Демек башка элдер сыяктуу эле кыргыздар да күндөлүк чарбачылык иштеринен, коргонуу аракеттеринен тышкары да өз жашоолорун улуттук үрп адаттарын сактоолору менен кошо эле, аш-тойлордо, жоро-кечелерде, майрамдык маанай жаратуу үчүн улуттук оюн-зоокторду да өткөрүп турушкандыгы тууралуу баяндалат.*

***Негизги сөздөр:*** *кыргыздар, буруттар, уйгурлар, улуттук оюндар, Орто Азия, байыркы замандар, согуш.*

*В данной статье дан краткий обзор образа жизни кыргызов в древности и прошлых веках: их личности, религиозные верования, обычаи, традиции, хозяйство, особенности торговли, особые тяготы жизни в те времена. Следует отметить, что для объяснения этих исключений привлекался ряд ученых, изучавших историю Востока, в том числе историю кыргызского народа. Это Ибн Мукафа, Гардизи, А.Г. Туманский, Г.Тисковский, всемирно известный востоковед, крупный ученый и историк В.В. Бартольд, профессор Ю.С. Худяков. Например, В.В. Бартольд сказал: «Из всех народов Центральной Азии сегодня не должно быть ни одного, чье имя было бы так рано в истории». В своей книге «Сабля багыра» В.С. Худяков разъяснил свидетельства древнекиргизского оружия и др. Статья завершается кратким описанием древних кыргызских национальных забав и праздников. Это означает, что кыргызы, как и другие народы, помимо своей повседневной хозяйственной деятельности и оборонных подвигов, живут своей жизнью в соответствии с национальными обычаями, а также на праздниках, церемониях и национальных увеселениях для создания праздничного настроения.*

***Ключевые слова:*** *кыргызы, буруты, уйгуры, национальные игры, Средняя Азия, древние эпохи, война.*

*This article provides a brief overview of the lifestyle of the Kyrgyz in antiquity and past centuries: their personalities, religious beliefs, customs, traditions, economy, features of trade, special hardships of life in those days. It should be noted that a number of scholars who studied the history of the East, including the history of the Kyrgyz people, were involved in explaining these exceptions. These are Ibn Mukafa, Gardizi, A.G. Tumansky, G. Tiskovsky, the world famous orientalist, prominent scientist and historian V.V. Bartold, Professor Yu.S. Khudyakov. For example, V.V. Barthold said: "Of all the peoples of Central Asia today, there should not be a single one whose name would be so early in history." In his book "Saber Bagyr" V.S. Khudyakov explained the evidence of ancient Kirghiz weapons, etc. The article ends with a brief description of the ancient Kyrgyz national pastimes and holidays. This means that the Kyrgyz, like other peoples, in addition to their daily economic activities and military exploits, live their lives in accordance with national customs, as well as on holidays, ceremonies and national amusements to create a festive mood.*

***Key words:*** *Kyrgyz, Buruts, Uighurs, national games, Middle Asia, ancient epochs, war.*

Кыргыздардын бизге белгилүү болгондон эң баштапкы байыр алып жашап келген жери Ээнсай (Энесай, Энисей) дайрасынын бойлору, Алтай өрөөнү, Тянь-Шань, Памир тоолорунун этектери ж.б. аймактар болуп келген.

Күндөлүк жашоо – турмуштарын өткөрүү үчүн алар унаа катары жылкыларды өзгөчө пайдаланышкандыктан да кыргыздарда «Ат адамдын канаты» - деген макал жашап келет. Байыркы кыргыздарга «Атсыз жашоо жансыз жашоодой» эле болгон болуш керек.

Кыргыздар байыртан эле кой, төө, уй, эчки кармашкан жана ошол малдар кыргыздын турмушун жүргүзүп турган. Алардан: айран, сүт, кымыз, эт азыктарын алып жана алардын жүндөрүнөн килемдерди токушкан, шырдактарды, жүн кийиздерди жасап жашоо тиричиликтеринде пайдаланышкан. Кыргыздардын кедей, томояктары байларга кызмат кылып: демек малын багып, отун - суусуна каралашып тиричиликтерин өткөрүшкөн. Кыргыз эли көбүнчө көчмөн турмушту кечиришип жашап келишкен.

Кыргыздар алтын, күмүш, темир иштеткенди өтө мыкты өздөштүрүшкөн. Кыргыздардын куралдары жана согуштук чеберчиликтери тууралуу тарых или-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



минин доктору, профессор Ю.С. Худяковдун «Сабля Багыра» - деген китебинде, ал бул маселеге кеңири токтолуп жана ага кошумча «Название кыргызов древнее на несколько столетий, чем само слово «тюрки», по имени которых получило наименование вся языковая семья» [3, 28-29-бб., 203-б.] - деп белгилеген.

Дүйнөгө атагы чыккан Чыгыш изилдөөчүсү, көрүнүктүү илимпоз тарыхчы Василий Владимирович Бартольд да бул тууралуу: Кыргыздар Орто Азиянын эң байыркы элдеринин бири. Азыркы убакта Орто Азияда жашап жаткан элдердин ичинен тарыхта аты ушунча эрте жолуккан бир да эл жок болуш керектигин белгилеген.

Байыркы замандарда кыргыздардын дини шаман болуп, ар түрдүү жан – жаныбарларга, дарактарга табынышып, жоокерчиликте өтө баатыр болушкан.

Кыргыздар деген китептин 2-томунда: «Кыргыздар адам жеткис жерлерде жашаган, душман кол салган учурда алар өздөрүнүн үй-бүлөлөрүн тоонун түпкүрүнө жиберилип, өздөрү капчыгайлардын ооздорун коргоп турушкан. Өлгөндөрдүн сөөгүн табытка салып, бийик карагайлардын бутактарына илип коюшкан. Кыргыздарда падыша (хан) болгон эмес. Аларда бектер гана болгон, аны кашка деп аташкан» [2, 174-б.].

«VIII кылымда жазган Ибн Мукаффанын (757 – жылы өлгөн) сүрөттөөсү боюнча ал кыргыздарды славяндардын туугандарынан деп эсептеген» [2, 133-б.].

XI кылымда жазган Гардизиден тышкары перс тилинде жазылган «Дүйнөнүн чектери» деген авторсуз эмгек кызык маалыматтарды берет, ал хижаранын 372-жылы, башкача айтканда, биздин доорго чейинки 982 – же 983-жылы жазылган. Бул чыгарма маркум А. Г.Туманский тарабынан 1892-жылы Бухарада табылып, жалгыз гана кол жазма түрүндө бизге жеткен.

Туманскийдин кол жазмасына караганда: «Кыргыздар өлкөсүнөн көптөгөн жыпар жана аң терилери, кайың жыгачтары жана бычактын сабына керектүү болгон хуту мүйүздөрү сыртка чыгарылып турган. Булар алыскы түндүктөн алынып келинген морждордун азуулары экендиги азыр аныкталды. Кыргыз падышасы каган деп аталган. «Кыргыздар мүнөзү боюнча жапайы айбанаттарга окшоп, сырткы түрү орой, чачтары суюк болгон, адилеттүүлүгү жок, боорукердиги аз болгон. Алар жоокердиги менен айырмаланып, коңшулары менен согушуп, кастыкта болгон. Алардын арабалары (же кайыктары), койлору, уйлары жана жылкылары бар. «Алар отко сыйынышат, өлгөндөрүн өрттөшөт» [2, 147-148-бб.] - деген маалыматтар да бар.

Уйгурлар менен согуш 840-жылы кыргыздардын жеңиши менен аяктаган, ошол жылы кыргыздар Орхондогу уйгурлардын борборун алган. Кыргыз каганынын Енисейдеги ордосунан бул шаарга чейинки аралык төө менен 40 күндүк деп эсептелген. Мына ушундан кийин уйгурлардын бир бөлүгү Монголияны жеңип алган кыргыздардын букаралыгына өтүп, бир бөлүгү түштүккө кетишкен. Ошентип: «Монголиядагы үстөмдүк кыргыздардын колуна өтүп, мунун натыйжасында алардын мамлекети Орто Азиянын чыгыш бөлүгүндөгү эң күчтүү көчмөн державага айланган» [2, 141-142-бб.].

Радлов белгилегендей: «Кыргыздар өзүнүн маданий өнүгүшүнүн даражасы жагынан түндүктөгү жана чыгыштагы коңшуларынан сөзсүз бир кыйла жогорку турган, бул жөнүндөгү маалыматтарды биз кытай жана мусулман булактарынан табабыз» [2, 152-б.].

Кытайга жасаган саякатында Г.Тисковский Буруттар тууарасында кытайчадан которулган мындай маалыматтарды жазган.

«Кергиздер, кытайча Буруттар. Чыгыш Түркстандын Батышында жашаган эл. Аныңэнчжан (Андижан) менен Кашкардын ортосундагы кеңири аймак алардын жери. «Кыргыздар жарды, бирок өлүмдөн кайра тартпаган тайманбас, майда-чүйдөсүн ойлобогон талоончул жана согушта баатыр эл. Хакастар менен Бедурлар алардан коркушат, ал тургай Зюнгарлар да өз ооматы жүрүп турган кезинде аларды баш ийдире алышкан эмес. Алар чет өлкөлөргө сапар чеккен Чыгыш Түркстандыктарды да, Чыгыш Түркстанга Чоң Бухарадан келишкен чет элдик көпөстөрдү да талап тоношот.

«Жакшылык кылуу дегенди жек көрүшкөн Буруттар (кыргыздар) тектеш, бардык жакын элдерден таш боордугу жана жырткычтык мүнөзү менен өзгөчө айырмаланышат. Алар дайыма ат жалында болуу менен талап-тоноп жана кан төгүп жүрүшкөндүктөн эч качан курал-жарактарын ташташпайт. Каардуу ушул варварлар өздөрүнүн чегине жакындап келаткан Тургуттардын кабарын угушканда укмуштай кубанычка батышкан. Алар улустан-улуска сүйүнө чапкылашып, бирин-бири чоң майрам күндөрүнөн бешбетер куттукташкан» [2, 258-259-бб.].

Оренбург тарапка сода кылуу үчүн каттап турган соодагерлер да кыргыздардын чегинен өтүшкөндө ырайымсыз талоондорго дуушар болуп турушкан. Азиялык көптөгөн бактысыз көпөстөр, кыргыздар дале болсо мурдагысындай башкалардан өзгөчөлөнгөн өздөрүнүн катаал мүнөзүн жана олжого суктугун сактап калгандыгын ырасташкан.

Орустар айткандай «Сильнейшие выживают» деген замандарда балким ошондой катаал мүнөздө болуу да элдин, улуттун : - эл, улут катары сакталып калуусуна зарыл болуп таасир берген чыгар.

Кыргыз элинин шаан – шөөкөттөрдө жана жоокерчилик убактарда алып жүрүүчү музыкалык аспаптары: «Сурнай, керней, чоор болучу. Комуз, кыякты азыркы убактарда пайдаланып турабыз» [1, 531- б.]. Кыргыз элинин жүздөгөн жылдар чамасынан берки

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



келе жаткан улуттук оюндарына төмөндөгүлөр кирет: Балбан күрөш, Эр оодарыш, Көз таңмаң, Аркан тартыш, Тыйын эңмей, Жөө чабыш, Эр сайыш, Жамбы атуу, Улак тартуу, Ат чабыш, Аялдардын сайышы, Ордо атышуу, Ак чөлмөк, Тогуз коргоол, Ак терек-Көк терек, Селкинчек тебүү, Жашынмак, Жоолук таштамай, Эшек секиртмей, Уюм тууду, Куш салмай, Жорго салмай, тайган салмай ж. б.

Бул улуттук оюндардын түрдүү табигый-социалдык шарттарда келип чыгып жана өнүгүп өсүп келе жаткандыгына жалпы кыргыз эли өзү күбө. Ошондуктан бул улуттук оюн-зооктордун ар биринин тыкыр чектелген жол-жоболору бар. Мисалы балбан күрөш: «Балбан күрөш аштарда, кыз берген тойлордо, келин алган тойдо, кээде чоң тойдо, кээде чоң жоро, чоң майрамдарда болот. Бир калыс (судья) киши тескейт. Эл тынчтанып калган кезде ырчылар дагы жар салып ыр менен коштогон.

Ат чабыштарда да чоң аш, тойлордо болгон жана анын да тыкыр чектелген өз тартиби бар. Ат чабыш шан-шөөкөтүндө да ырчылар элдин көңүлүн көтөрүп туруу үчүн жар салып ыр менен коштоп турушкан.

Ошентип кыргыздын ар-бир оюн-зоогу шан-шөөкөттөр менен коштолуп, анан сөзсүз түрдө негизинен уткан тараптарга бир нечелеген мал-мүлктөр соорун катары байгеге берилип келген. Бул оюн-зооктордун көпчүлүгү бүгүнкү күндө замананын өзгөчөлүгүнө байланыштуу унутулуп баратат. Бирок азыркы жана кийинки муундар бул оюн-зоокторду кыргыз элинин улуттук символу катары: аш-тойлордо, маарекелерде, майрамдарда, ал тургай жалпы мамлекеттик майрамдарда кайрадан жаңы өң-түс берип жандандырууну мамлекеттик деңгээлдерде колго алуу керек. Себеби ошол ата-бабаларыбыз колдонуп келген оюн-зоокторубуз биздин улутубуздун өткөн күнүн, тарыхын, нарк-насилин, каада-салтын, маданиятын, улут катары өзгөчөлүгүн чагылдырган улуу сыймыгыбыз.

**Адабияттар:**


1. Кыргыздар. 1-том. - Бишкек: «Кыргызстан», 1993.
2. Кыргыздар. 2-том. - Бишкек: «Кыргызстан», 1993.
3. Худяков Ю.С. «Сабля Багыра». (Вооружение и военное искусство средневековых кыргызов). Изд. Петербургские Востоковедение. Санкт-Петербург, 2003.
4. Кыргыз санжырасы. Ала-Тоо редакциясы. - Бишкек, 1994.